

2017-жылга республикалык бюджеттин долбооруна карата

Кыргыз Республикасынын жарандык бюджети

Бишкек ш.

2016-ж. август

2017-жылга Кыргыз Республикасынын жарандык бюджети

Жарандык бюджет Кыргыз Республикасынын жарандарын бюджет жана бюджеттик процесс менен кеңири тааныштыруу максатында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 113-беренесине ылайык даярдалган.

Жарандык бюджеттин мазмунуна байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылсаңыздар болот:

720040, Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы 58.

Бюджеттик саясат башкармалыгы:

тел. +996 (312) 62-53-13 (1117)

e-mail: t.aidarbekov@minfin.kg

веб-сайт: www.minfin.kg

МАЗМУНУ

Кириш сөз……...……...5

1. Маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчтөр…….....7

2. 2017-жылга бюджеттин негизги көрсөткүчтөрү ……...……..10

2.1. Бюджеттин кирешелери жана алардын булактары …….....10

2.2. Бюджеттин чыгымдары жана аларды бөлүштүрүү……...…12

2.3. Бюджеттин тартыштыгы жана аны жабуу булактары ……..…25

2.4. Мамлекеттик карыз……...……..…….....26

2.5. Өнүктүрүү бюджети……..…….……28

2.6. Жергиликтүү бюджеттер…….……..…33

3. Негизги бюджеттик демилгелер…….....…35

Тиркеме.....37

Глоссарий……...…41

Маалымат булактары.....…….....43

Урматтуу окурмандар!

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги республикалык бюджеттин кабыл алынышы жана аткарылышы тууралуу калкка маалымат берүү маселесине өзгөчө көңүл бурат. Башка сөз менен айтканда, бюджет жөнүндө маалыматтын ачыктыгы, жеткиликтүүлүгү жана толуктугу катары түшүнүлүүчү бюджеттин ачыктыгын камсыздоонун маанилүүлүгүн жана зарылдыгын жакшы түшүнөбүз.

Бюджеттик процесстин ачык-айкындуулугу жана бардык кызыкдар жактарды бул процесске тартуу жарандык коомго да, ошондой эле аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бийлик органдарына да биргелешип иштөөдө кыйла натыйжалуу жардам берет, ошондой эле бюджеттик ресурстарды пайдалануунун тууралыгын баалоо критерийлери болуп саналат.

Бюджеттин ачык-айкындуулугун камсыздоо жана бюджет боюнча өкмөттүк чечимдерге коомчулуктун катышуу мүмкүнчүлүгү бүткүл дүйнөдө актуалдуу болуп саналат.

Бул жарандык бюджет кеңири коомчулук үчүн арналган, ал бюджеттик каражаттарды түзүүгө, бөлүштүрүүгө жана пайдаланууга тиешелүү толук, түшүнүктүү, кыска жана маалымдуу документ катары пайдаланылышы мүмкүн.

Жарандык бюджеттин башкы өзгөчөлүгү баяндоонун жөнөкөйлүгү жана ачыктык болуп саналат. Жарандык бюджет ар бир адамга өкмөт коомдун ресурстарын топтоштурууну, бөлүштүрүүнү жана пайдаланууну кандай жол менен ишке ашыра тургандыгы түшүнүктүү болгон учурда негизги бюджеттик маалыматтын ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө болот.

Мындан ары, Жарандык бюджетте маалыматтарды берүү форматы сиздердин сын-пикирлериңиздерди жана сунуштарыңыздарды эске алуу менен иштелип чыгат.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бардык конструктивдик сын-пикирлерге жана сунуштарга ыраазычылыгын билдирет.

Кириш сөз


Бюджет – бул мамлекеттик башкаруу системасынын бөлүгү, бирок бюджет ошондой эле ар бир жарандын кызыкчылыгын козгойт. Ал жашоонун бардык чөйрөсүнө – бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы, пенсия, жөлөкпул алууга, балдардын билим алуусуна, саламаттык сактоодо кызмат көрсөтүүгө ж.б. тикелей же кыйыр таасир тийгизет. Бюджет жарандарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө жана мамлекеттик саясатты аткарууда финансы менен камсыздайт. Жолдордун абалы, көчөлөрдү жарыктандыруу жана ар бирибиздин коопсуздугубуз анын көлөмүнө жараша болот.

Мамлекеттик бюджет республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин жана чыгымдарын өзүнө камтыйт.

Жарандык бюджет

- белгилүү бир финансылык жылга бюджеттик параметрлер, артыкчылыктар жана чечимдер жөнүндө маалымат жеткиликтүү жана жөнөкөйлөтүлгөн формада берилген маалымат
- атайын билими жок адамдарды кошкондо да, бардык жарандарга мамлекеттик финансы жөнүндө жеткиликтүү жана түшүнүктүү маалымат алууга мүмкүнчүлүк берет.

1-сүрөт.



1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, бюджет жылдан-жылга кайталоочу циклден өтөт, ал төрт негизги стадиядан турат:

- бюджетти даярдоо;
- бюджетти кароо жана бекитүү;
- бюджетти аткаруу;
- бюджеттин аткарылышын контролдоо.

Эл аралык практикага ылайык 1-сүрөттө белгиленген сегиз маанилүү документ бюджеттик циклдин ар кандай стадияларында жарыялануусуга тийиш.

1. Маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчтөр

Макроэкономикалык көрсөткүчтөр

- өлкөнүн экономикасынын жалпы абалын баалоого
- убакыттын конкреттүү мезгилине өндүрүштүн көлөмүн өлчөөгө
- кыска мөөнөттүү, ошондой эле узак мөөнөттүү келечекте экономиканы иштетүү факторлорун ачууга мүмкүндүк берет

Ички дүң продуктунун (ИДП) көрсөткүчү бардык макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн ичинен маанилүү болуп эсептелет, ал учурдагы мезгилде товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү улуттук өндүрүүнүн көлөмүн чагылдырат. ИДП өлкөнүн жыл ичинде экономиканын бардык тармактарындагы керектөө, экспорттоо жана топтоо үчүн анын аймагында товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү канча чыгара тургандыгын көрсөтөт.

Номиналдык ИДПны жана анык ИДПны бөлүп көрсөтөт. Номиналдык ИДП – мамлекеттин аймагында экономиканын бардык тармактарында жыл ичинде өндүрүлгөн бардык товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, учурдагы рыноктук баада чагылдырылган наркы.


Анык ИДП - мамлекеттин аймагында экономиканын бардык тармактарында жыл ичинде өндүрүлгөн бардык товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, баанын өзгөрүшүнө корретирленген наркы. Б.а. анык ИДПда ИДПнын кайсы даражада өсүшү баанын өсүшүнө эмес өндүрүштүн анык өсүшү менен аныктала тургандыгы эске алынган.

1-таблица. 2015-2019-жылдарга маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчтөр

	2015-ж. болж. факт	**2016-ж. күтүлгөн.**	**2017-ж. болжол**	**2018-ж. болжол**	**2019-ж. болжол**
Номиналдык ИДП, млрд. сом	423,6	454,4	494,4	541,4	598,6
Анык ИДП, %	3,5	2,7	2,9	3,5	4,9
Инфляция, %	3,4	3,2	5,6	6,5	5,4

1-таблциада көрүнүп тургандай 2017-жылга номиналдык ИДП **494,4 млрд. сом** суммасында болжолдонууда**,** анда 2016-жылга **ИДП** 454,4 млрд. сом суммасында күтүлүүдө.

1-диаграмма.



1-диаграммада көрсөтүлгөндөй 2017-жылы ИДП өндүрүшүнүн структурасында кызмат көрсөтүүлөрдүн салыштырма салмагы 51,1% деңгээлинде болжолдонууда, өнөр жайдын үлүшү 14,3% (Кумтөрдү эсепке албаганда 8,2%) курулуштун салыштырма салмагы 9,1% жана айыл чарбасынын үлүшү 13,5%ды түзөт.

2017-жылы калктын жан башына ИДП 83,0 миң сом суммасында болжолдонууда

Жашоо минимуму 5,6 миң сом суммасында болжолдонууда

2017-жылга орточо айлык эмгек акы 15,4 миң сом суммасында болжолдонууда

2017-жылга болгон калктын орточо жылдык саны 5 955,7 миң адам болоору болжолдонууда

2017-жылга жумушсуздуктун деңгээли (экономикалык жактан активдүү калкка карата %) 7,9 % деңгээлинде болжолдонууда

2017-2019-жылдарда **ИДП**нын өсүшүнө таасир тийгизиши мүмкүн болгон **тобокелчиликтерге** төмөнкүлөр тийиштүү:

- дүйнөлүк экономиканын туруксуздугу;
- алтынга, энергияга болгон дүйнөлүк баанын өзгөрүүсүнө (волатилдүүлүгү) өлкөнүн экономикасынын коз карандылыгы;
- азык-түлүк товарларына баанын өсүшүнүн эсебинен инфляциянын деңгээлинин жогорулоо тобокелчилиги;
- азык-түлүк товарларын, мунай заттарды жана газды импорттоодон ички рыноктун көз карандылыгы;
- айыл чарбасын өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон табигый-климаттык фактор.

− экономиканын диверсификацияланбагандыгы: Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканалардын ишинин натыйжасынан өнөр жай секторунун жогорку көз карандылыгы.

Макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү карап чыгуу менен бюджетти карооо өтүүгө болот.

2. 2017-жылга бюджеттин негизги көрсөткүчтөрү


2.1. Бюджеттин кирешелери жана алардын булактары.

Бюджеттин кирешелери

- **Салыктык кирешелер** – өлкөнүн Салык жана Бажы кодекстерине ылайык алынуучу салыктар жана төлөмдөр.
- **Салыктык эмес төлөмдөр** – жыйымдар, төлөмдөр, кирешелер, айыптар, дивиденддер ж.б. Салыктык эмес кирешелердин тизмеси "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталган.
- **Гранттар** – бул өнөктөш өлкөлөрдөн жана донорлордон мамлекетке акча каражаттарын ар кандай мамлекеттик максаттарга акчалай же натуралай формада кайтарымсыз бөлүү.

2-диаграмма.

2017-жылга мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин структурасы (%)



2017-жылга мамлекеттик кирешелер 140,9 млрд. сом (ИДПга карата 28,5 %) суммасында болжолдонууда, анын ичинен


- **Салыктык кирешелер** 105,3 млрд. сом суммасында болжолдонууда (ИДПга карата 21,3 %)
- **Салыктык эмес кирешелер** 22,7 млрд. сом суммасында (ИДПга карата 4,6 %)
- **Расмий трансферттер** 12,9 млрд. сом суммасында (ИДПга карата 2,6 %)

2-диаграммада көрсөтүлгөндөй, мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөрдөн негизги салымды – киреше салыгы, пайдадан алынуучу салык, Кумтөрдөн түшүүлөр, КНС, сатуудан алынуучу салык, акциз салыгы жана бажылык төлөмдөр кошот. Мында, көбүрөөк салымды КНС киргизет, бул бюджетке түшүүчү бардык салыктын 32%ын түзөт.

Салыктык эмес түшүүлөрдөн негизги салымды – дивиденддер жана бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары кошот.

3-диаграмма.

2017-жылга мамлекеттик бюджеттин кирешелери, млрд. сом



Төмөндө 2-сүрөттө келтирилген. 2017-жылга республикалык бюджеттин жалпы кирешелери.

2-сүрөт.

2017-жылга республикалык бюджеттин жалпы кирешелери



2018-2019-жылдардагы мезгилде республикалык бюджеттин кирешелери тийиштүү түрдө 129,8 млрд. сомду жана 138,2 млрд. сомду түзөт.

2017-жылга жарандык бюджет


2.2. Бюджеттин чыгымдары жана аларды бөлүштүрүү

Мамлекеттик чыгымдар – бул коомго кызматтарды көрсөтүү жана алардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн материалдык жыргалчылыктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга мамлекеттин чыгымдоолору.

Аларга мамлекеттик кызматкерлердин, мугалимдердин, дарыгерлердин, медайымдардын эмгек акылары, ошондой эле ар кандай товарларды сатып алуу, мамлекеттик имараттарды күтүү жана оңдоо аркылуу мамлекеттик мекемелердин жана ишканалардын ишин камсыздоо тиешелүү болот.

3-сүрөт.

Мамлекеттик бюджеттин чыгымдары



Мамлекеттик бюджеттин чыгымдары 2017-жылга 164,3 млрд. сом суммасында долбоорлонгон (ИДПга карата 33,2%)

2017-жылга республикалык бюджеттин чыгымдарынын жалпы көлөмү **150,2 млрд. сом** деңгээлинде белгиленген (ИДПга карата 30,4%)

Жалпы чыгымдарда секторлор боюнча чыгымдардын салыштырма салмагы төмөндө келтирилген.

2-таблица.

Жалпы чыгымдарда секторлор боюнча чыгымдардын салыштырма салмагы (%)

	2015 факт	2016 бекит.	2017 долбоор
Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр, % **анын ичинде мам.аппарат**	**11,4**	**9,9** **4,1**	**12,4** **4,3**
Күч блогу, %	**12,9**	**10,2**	**10,4**
Социалдык сектор, %	**48,4**	**44,8**	**45,6**
Анык сектор, %	**27,3**	**35,1**	**31,6**

Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар

- аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу органдарга чыгымдар, бюджеттик-финансылык маселелер;
- эл аралык мамилелер, кадрлык тейлөөнүн жалпы маселелери, пландоо кызматы жана жалпы багыттагы статистикалык кызматтар;
- мамлекеттик карызды тейлөө;
- башка категорияларга таандык болбогон жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр жана калкты каттоо боюнча кызматтар.

Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга чыгымдар

- 2016-жылга 16,2 млрд. сом (ИДПга карата 3,2 %; жалпы чыгымдардын 9,8 %ы) бекитилген
- 2017-жылга 20,4 млрд. сом (ИДПга карата 4,1 %; жалпы чыгымдардын 13,5 %ы) болжолдонууда
- 2017-жылы мамлекеттик аппаратты күтүүгө бюджеттин жалпы чыгымдарынын 4,3 %ы каралган.
- техникалык тейлөөчү персоналдын жана кенже тейлөөчү персоналдын эмгек акысын жогорулатууга – 1,2 млрд. сом
- табигый кырсыктардын кесепетин жоюу боюнча иш чараларга (турак жай сертификаттары) – 400,0 млн. сом

Экономикалык маселелер

Экономикалык маселелер

- Бөлүм Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиктин, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондунун, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин гидрометрология боюнча агенттигинин, Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик департаменттин, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин, Жерлерди прикладдык изилдөө Борбор Азия институтунун чыгымдарын жана башка жалпы экономикалык маселелерди камтыйт.

Экономикалык маселелердин чыгымдары

- 2016-жылга 55,2 млрд. сом бекитилген; ИДПга карата 11,0 %; жалпы чыгымдардын 33,9 %ы
- 2017-жылга 49,6 млрд. сом каралууда (ИДПга карата 10%; жалпы чыгымдардын 33 %ы)

Айыл чарбасы

Айылдык товар өндүрүүчүлөргө колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жыл сайын айыл чарбасын каржылоо боюнча долбоор ишке ашырылат.

4-сүрөт. Айыл чарбасын каржылоо



2015-жылы «Айыл чарбасын каржылоо 3» долбоору боюнча 3,8 млрд.сом суммасындагы 9 980 кредит берилген, анын ичинен өсүмдүк өстүрүүгө – 356,3 млн. сом суммасында 1264 кредит, мал чарбасына –3,1 млрд. сом суммасында 8604 кредит, кайра иштетүү, үрөнчүлүк, асыл тукум жана айыл чарба кооперативдерине –392,1 млн. сом суммасындагы 112 кредит берилген.

2016-жылга республикалык бюджетте «Айыл чарбасын каржылоо 3» долбоорунун экинчи фазасына жана «Айыл чарбасын каржылоо 4» долбоорун ишке ашыруунун башталышына 400,0 млн. сом каралган.

2017-жылга республикалык бюджетте коммерциялык банктардын пайыздык коюмдарын (айыл чарба өндүрүүчүлөрүн) субсидиялоого 700,0 млн. сом каралган.

Кыргыз Республи касынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги боюнча натыйжалуулук индикаторлору	Айыл чарба жерлеринин саранчы зыянкечтерине каршы химиялык иштетилген аянты: 2016 - 60 миң га 2017 - 55 миң га 2018 - 50 миң га 2019 - 50 миң га
	Айыл чарба техникаларынын лизинги: 2016 - 1100 бирдик 2017 - 1200 бирдик 2018 - 1300 бирдик 2019 - 1400 бирдик
	Ветеринардык дары-дармек каражаттарынын сапатын экспертизалоо: 2016 - 200 даана 2017 - 251 даана 2018 - 150 даана 2019 - 150 даана
	Кыргыз Республикасынын көлмөлөрүнө майда балыктарды чыгаруу: 2016 - 8,0 млн. даана 2017 - 8,3 млн. даана 2018 - 8,5 млн. даана 2019 - 8,8 млн. даана
	1020,0 миң га сугат жерлерди сугат суусу менен кепилденген камсыздоо 2016 - 1020,0 миң га 2017 - 1020,0 миң га 2018 - 1020,0 миң га 2019 - 1020,0 миң га


Бюджеттик программалар, чаралар жана натыйжалуулук индикаторлору министрликтердин жана ведомстволордун программалык бюджеттеринде, б.а.2017-2019-жылдарга республикалык бюджеттин долбооруна карата 11 жана 11-1-тиркемелерде берилген.

Транспорт	**2017-жылга республикалык бюджеттин долбоорунда бул секторго 18,4 млрд. сом (ИДПга карата 3,7 %) каралган**.
	Авто жолдорду оңдоо, эксплуатациялоо жана реабилитациялоого 18,5 млрд. сом суммасында каражат багыттоо каралган, бул болсо ушул сектор боюнча каражаттардын көлөмүнө карата 98,0 % түзөт.
Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлиги боюнча натыйжалуулук индикаторлору	Асфальтбетон төшөлмө жабдуулары (жолдордун ички тарамдары): 2016 - 125,7 км. 2017 - 130 км. 2018 - 131,2 км. 2019 - 132,5 км.
	Көпүрөлөрдү куруу (даана./м.): 2016 - 8/93. 2017 - 6/70. 2018 - 6/75. 2019 - 7/80.
Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр	Бул бөлүм “Кыргызжилкоммунсоюз” мамлекеттик ишканасынын, Республикалык атайын комбинат жана «Ысык-Көл Аврора санаторийи» мамлекеттик ишканасы боюнча чыгымдарды камтыйт.
	2017-жылга **1,4 млрд. сом суммасында (ИДПга карата 0,3 %)** каражат каралган, 2016-жылдын бекитилгенбюджетине карата 0,2 млрд. сомго көбөйүү менен
	Калкты соцалдык колдоо максатында, борборлошкон жылуулук менен жабдуу кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү камсыздоо үчүн, жылуулук энергиясы керектөөчүлөрдүн бул категориясына мамлекеттик жөнгө салынган тарифтер боюнча берилет, бул болсо фактылай өздүк наркынан төмөн.
	«Кыргызжилкоммунсоюз» мамлекеттик ишканасы тарабынан 2017-жылга сатуунун өздүк наркы 1 Гкал үчүн 4055,1 сом деңгээлинде пландалууда. *Калк 1 Гкал үчүн 1615,3 сом тарифи боюнча төлөйт.*

Социалдык чөйрө


5-сүрөт.

2017-жылы Республикалык бюджеттин социалдык чөйрөгө чыгымдарынын болжолу



6-сүрөт.

Саламаттык сактоого чыгымдар



Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги боюнча чыгымдар 2017-жылга 4,3 млрд. сом суммасында каралган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча 2017-жылга чыгымдар 2015-жылдын ордуна 10,8 млрд. сом суммасында каралат.

2010-жылдан 2015-жылга чейинки кырдаал. Наристе өлүмү 1000 тирүү төрөлгөн наристелерге карата 2010-жылы 22,8ден, 2015-жылы 18,0ге чейин кыскарган.

Балдар өлүмү 1000 тирүү төрөлгөндөргө карата, тийиштүү түрдө 26,5 тен, 21,5 ке чейин кыскарган.

Эне өлүмүнүн көрсөткүчү 2010-жылы 50,6 дан кыскарып, 100 миң тирүү төрөлгөн учурга карата 38,5 түзгөн.

Туберкулез менен ооругандар 2010-жылга салыштырмалуу анча көп эмес кыскарган (2010-ж. -100,9), 2015-жылы калктын 100 миңине карата 95,4 түздү.

Туберкулездон өлүм калктын 100 миңине карата 8,6 дан, 6,1 ге чейин кыскарган.

ВИЧ-инфекция учурларынын жаңы табылгандарынын саны 2010-ж. 554 төн, 2015-ж. 605 ке чейин көбөйгөн.

Дарыгерлердин 2017-жылга орточо эмгек акысы 10 581,2 сом суммада болжолдонууда.

2017-жылга жарандык бюджет

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги боюнча натыйжалуулук индикатору	Эне өлүмүнүн көрсөткүчү (100 миң тирүү төрөлгөндөргө карата кош бойлуу кезинде, төрөт учурунда жана төрөттөн кийинки мезгилде оорунун өтүшүп кетишинен аялдар өлүмүнүн саны): 2016 - 46,6 2017 - 46,4 2018 - 46,4 2019 - 46,4
	Наристе өлүмүнүн саны: 2016 - 1000 тирүү төрөлгөндөргө карата 19 учур 2017 - 1000 тирүү төрөлгөндөргө карата 18,8 учур 2018 - 1000 тирүү төрөлгөндөргө карата18,8 учур 2019 - 1000 тирүү төрөлгөндөргө карата 18,8 учур
	Туберкулез менен ооругандардын көрсөткүчү: 2016 - 100 миң калкка карата 94төн аз 2017 - 100 миң калкка карата 94төн аз 2018 - 100 миң калкка карата 94төн аз 2019 - 100 миң калкка карата 94төн аз

Социалдык коргоо	социалдык камсыздоо, социалдыккамсыздандыруу, калкты социалдык коргоо, эмгек, миграция, жумуштуулук жана башка чыгымдарды камтыйт.
	2017-жылга 29,0 млрд. сом суммасында каражат каралган, 2016-жылдын бекитилген бюджетине карата 5,0 млрд. сомго азаюу менен.
	бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын азаюусу, жалпы билим берүүчү мекемелердин мугалимдеринин эмгек акысын жогорулатууга 2016-жылдын бюджетинде, ушул бөлүмдө пландалган чыгымдарды, 2017-жылы "билим берүү" бөлүмүнө өткөрүп берүүгө байланыштуу**.**

Калкка социалдык жардам көрсөтүү боюнча помощи 2017-жылы 8,0 млрд. сом каралган, анын ичинен

- мамлекеттик жөлөк пулдар– 6,0 млрд. сом;
- компенсациялык төлөмдөр жана жеңилдиктер- 1,4 млрд. сом;
- социалдык камсыздандыруу– 0,5 млрд. сом;
- калктын жумуштуулугунун активдүү жана пассивдүү саясаты (жумушсуздук боюнча жөлөк пул, коомдук акы төлөнүүчү иштер, жумушсуздарды окутуу жана кайра окутуу) - 86,7 млн. сом;
- Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу алкагында социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү - 22,0 млн. сом;
- социалдык стационардык мекемелер (улгайгандар жана майыптар үчүн жатак үйлөр) – 400,2 млн. сом;
- администрациялоо –0,6 млрд. сом.

2017-жылдын 1-ноябрынан баштап кепилденген минималдуу кирешенин өлчөмүн, белгиленген өлчөмдөн 10% га жогорулатуу пландалууда, башкача айтканда, 900 сомдон 1000 сомго чейин жана аз камсыз болгон балалуу үй-бүлөлөргө ай сайынкы жөлөк пулдун өлчөмү (ЕПМС).

Пенсиялык камсыздоо

- Калкты жеңилдетилген пенсиялык (мөөнөтүнөн мурда) камсыздоо, аскер кызматчыларынын пенсиясына кошумча акы жана компенсация төлөп берүү, ошондой эле пенсиянын базалык бөлүгүн республикалык бюджетке которууну этап менен каржылоо боюнча мамлекеттик милдеттенмени аткаруу үчүн, башкача айтканда **2017-жылга** республикалык бюджеттен ассигнованиелер үчүн (трансферттер) **17,5 млрд. сом** суммасында каражат каралган, пенсияларды жана компенсацияларды жеткирүү үчүн почта кызмат көрсөтүүлөрүн эсепке алганда.
- 2016-жылдын бюджетинде бул иш чараларга 17,1 млрд. сом бекитилген.
- Республикалык бюджеттен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна ассигнованиелердин чыгымынын 475,6 млн. сом суммасында өсүшү, 2017-жылы пенсиянын базалык бөлүгүн, жалпы керектөөнүн 100% өлчөмүндө, республикалык бюджетке которууну каржылоого байланыштуу.
- 2016 - жылга пенсионерлердин саны - 606 миң адам, Пенсиянын орточо өлчөмү 4 961 сом.


Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги боюнча натыйжалуулук индикаторлору	Кепилденген минималдуу кирешенин өлчөмү: 2016 - 900 сом. 2017 - 1000 сом. 2018 - 1100 сом 2019 - 1210 сом
	Аз камсыз болгон балалуу үй-бүлөлөргө ай сайынкы жөлөк пулдун өлчөмү : 2016 - 775 сом. 2017 - 850 сом. 2018 - 935 сом. 2019 - 1030 сом.
	Ай сайынкы социалдык жөлөк пулдар менен камтылган жетим балдардын жана жарым жетим балдардын саны: 2016 - 17 081 адам 2017 - 18 140 адам. 2018 - 19 278 адам 2019 - 20 504 адам
	Реабилитациялоого камтылган ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны: 2016 - 550 адам 2017 - 550 адам 2018 - 600 адам 2019 - 550 адам
	Кайрылуулардын санына карата, санаторий-курорттук дарылануга жолдомо менен камсыз болгон ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны : 2016 - 1700 адам 2017 - 1600 адам 2018 - 1600 адам 2019 - 1600 адам

Эс алуу, спорт, маданият жана дин.	2017-жылга чыгымдар **2,8 млрд. сом** суммасында бекитилген, 2016-жылдын бекитилген бюджетине салыштырмалуу 82,0 млн. сомго азаюу менен
	Маданият, маалымат жана туризм министрлигине 2017-жылга 1,9 млрд.сом суммасында каражат каралган, 2016-жылдын бекитилген бюджетинен 31,2 млн.сомго, же 101,7% га көбөйүү менен.
	Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин курамында 25 профессионалдык театр, 3 филармония, 60 китепкана, 40 стационардык клуб мекемеси, 27 музей, 1 маданият жана эс алуу паркы, Т.Океев атындагы 1 «Кыргызфильм» Киностудиясы, 37 облустук жана райондук кинодирекция, 6 облустук телерадиокомпания, 49 облустук жана райондук гезит жана журналдардын редакциясы иш жүргүзөт.

БИЛИМ БЕРҮҮ

7-сүрөт.

“Билим берүү” сектору



2017-жылы билим берүүгө бюджеттин чыгымдары **28,0 млрд. сом** болжолдонууда.

8-сүрөт. Билим берүүгө чыгымдар




2017-жылдын бюджетинде билим берүүгө кеткен чыгымдардын үлүшү республикалык бюджеттин жалпы чыгымынын 18,% түзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы “Билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн жаңы шарттарын киргизүү жөнүндөгү” №18 токтомуна ылайык, мугалимдердин 2010-жылдагы орточо кызмат акылары 3,3 миң сомдон 2014-жылы 8,6 миң сомго чейин өстү.

Мугалимдердин орточо эмгек акысы 2015-жылы 9,3 миң сомдон 2016-жылы 12,8 миң сомго чейин көбөйдү.

4-диаграмма.



2015-2016-окуу жылынын башына карата жалпы билим берүүчү мектептерде окугандардын саны 1 071 795 адамды түзгөн. 2015-2016-окуу жылынын башына карата жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдеринин саны 73 543 адамды түзгөн.

2015-жылы 1 окуучуга чыгым	Шаардык мектептер: 1-4 класстар - 19 698 сом 5-9 класстар - 25 321 сом 10-11 класстар - 26 197 сом
	Айылдык мектептер: 1-4 класстар - 11 282 сом 5-9 класстар - 14 229 сом 10-11 класстар - 14 626 сом

1 студентке чыгым	Орто кесиптик окуу жайдын: 2015-жыл - 28 000 сом 2016 - 2017-жылдар - 31 400 сом
	Жогорку кесиптик окуу жайдын 2015-жыл - 30 000 сом 2016 - 2017-жылдар - 26 360 сом

2017-жылга төмөнкү иш-чараларга каражаттар каралган (2016-жылдын деңгээлиндеги чыгымдар):

- 1-4-класстын окуучуларын тамактандырууну уюштурууга - 435,0 млн. сом;
- жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китептерин басып чыгарууга жана сатып алууга 120,0 млн. сом;
- жалпы билим берүүчү мектептерди учурдагы оңдоого - 100,0 млн. сом;
- компьютерлерди жана мектеп эмерегин сатып алууга – 137,5 млн. сом;
- Жетим балдар жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн жайкы эс алууну уюштурууга – 5,0 млн. сом;
- “Жаш мугалимдин депозитин ” төлөөгө - 7,0 млн. сом;
- окуучулардын республикалык Олимпиадасына жана тестирлөөгө - 18,0 млн. сом.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги боюнча натыйжалуулук индикаторлору	Мектепке чейинки даярдоо программалары менен камтылган тийиштүү куракгагы балдардын саны: 2016 - 107 073 адам 2017 - 107 073 адам 2018 - 107 073 адам 2019 - 107 073 адам
	педагогикалык кадрлар менен толук комплектацияланган мектептердин үлүшү (100%) : 2016 - 69 %. 2017 - 71 %. 2018 - 71 %. 2019 - 71 %.
	ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн бюджеттик негизде жумушка орношкондорунун үлүшү (окууну улантып жана иштегендерди эсептегенде): 2016 - 75 %. 2017 - 78 %. 2018 - 80 %. 2019 - 80 %.

2.3. Бюджеттин тартыштыгы

Бюджеттин тартыштыгы	**Бюджеттин тартыштыгы** –бул бюджеттин чыгымдары анын кирешелеринен ашып кетүүсү, мындай учурда мамлекет каржылоонун кошумча булактарын издөөгө мажбур болот.
	Мамлекет карыз алууларды өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдөн дагы жүргүзө алат. Карыз алууларды Өкмөт ички кредит берүүчүлөрдөн негизинен баалуу кагаздарды чыгаруу жана аларды калкка, ишканаларга, банктарга ж.б. сатуу жолу менен ишке ашырат. Тартыштыкты каржылоонун тышкы булактары эл аралык финансылык-кредиттик уюмдардан жана/же чет өлкөлүк мамлекеттердин өкмөттөрүнөн болушу мүмкүн.
	Республикалык бюджеттин тартыштыгы 2017-жылга **23,3 млрд.** сом суммасында болжолдонот, бул ИДПга карата **4,7 %** бюджеттин тартыштыгы 2013-жылы ИДПга карата 0,8 % түзгөн, бюджеттин тартыштыгы 2014-жылы ИДПга карата 0,5 %, 2015-жылга бюджеттин тартыштыгы ИДПга карата 1,5 % түзгөн, ал эми 2016-жылы ИДПга карата 4,5 % болжолдонгон. Жыл сайын иш жүзүндөгү тартыштык болжолдонгондон төмөндөө жагына айырмаланат.

2017-жылы бюджеттин тартыштыгын каржылоого ички булактар каралган – булар мамлекеттик баалуу кагаздарды ишке ашыруудан түшкөн каражаттар, КР Өкмөтүнүн эсеп-чотторундагы калдыктар, МИП кредиттерин жана гранттарын кайра каржылоо, бюджеттик карыздарды кайтаруу, мамлекеттик менчикти менчиктештирүү. Тышкы булактар боюнча - тышкы зайымдар программасынан түшүүлөр, МИПке тышкы зайымдардын түшүүлөрү каралган.

2.4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы

Мамлекеттик карыз – Кыргыз Республикасынын өздөштүрүлгөн жана жабылбай калган мамлекеттик ички жана тышкы карызынын жалпы суммасы.


Тышкы жана ички карыздын абсолюттук жол берилген чоңдугу боюнча чечим Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын тиешелүү жылга карата республикалык бюджети жөнүндөгү мыйзамды бекитүүдө кабыл алынат.

Мамлекеттик карыз алуулардын максаттары

- Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоого;
- Мамлекеттик инвестицияларды каржылоого;
- Мамлекеттик карызга тиешелүү сарптоолорду жабуу, мамлекеттик карызды жабуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган башка максаттар үчүн.

5-диаграмма.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик карызынын структурасы



2016-жылдын 30-июнуна карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы 271,3 млрд. сомду түзгөн (4,0 млрд. АКШ доллары) же ИДПга карата 54,9 %.


Мамлекеттик тышкы карыз

- 160 кредиттен турат, алардын көпчүлүгү (98% дан ашыгы) 0,75-2,0% пайыздык коюм менен жеңилдетилген шартта берилген жана тындыруу мөөнөтү 40жылга чейин. Реконструкциялоо жана өнүктүрүү Европа банкынан тартылып келген 10 кредиттен тышкары, бардык тышкы карыздар, белгиленген пайыздык коюм менен берилген.
- Ири кредиторлор болуп Китай, Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (ЭӨА) жана Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ) эсептелет, алар мамлекеттик тышкы карыздын жалпы портфелинин 69% берет. Андан ары Россия жана Япония, тийиштүү түрдө 8 жана 6 пайыз менен. Муну менен катар, Россиянын 300,0 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү карызы 10 жыл ичинде эсептен чыгарылып салынат, 2016-жылдан баштап жыл сайын 30 млн. АКШ доллары.

Мамлекеттик карызды тейлөө	КыргызРеспубликасынын мамлкеттик карызын тейлөөгө 2017-жылы – 20,2 млрд. сом, 2018-жылы– 26,9 млрд. сом, 2019-жылы– 29,2 млрд. сом багыттоо пландалууда.
	Республикалык бюджетте 2016-жылы мамлкеттик карызды тейлөөгө 21,9 млрд. сом каралган.
	2015-жылы мамлкеттик карызды тейлөөгө иш жүзүндө 14,4 млрд. сом багытталган.

6-диаграмма.

2017-жылга мамлекеттик карызды тейлөөнү болжолдоо



2017-жылга жарандык бюджет

Мамлекеттик баалуу кагаздар (МБК)

- мамлекет тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар.
- максаты- Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин учурдагы тартыштыгын каржылоо жана төлөмдөрдүн мөөнөтү келген мамлекеттик карызды кайра каржылоо болуп эсептелет.
- МБК мамлекеттик казыналык векселдер (МКВ) жана мамлекеттик казыналык облигациялар (МКО) түрүндө чыгарылат
- МКВ- кыска мөөнөттүү, пайыздык (дисконттук) МБК;
- МКО –пайыздык киреше менен (купону менен) узак мөөнөттүү МБК

2017-жылы Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине түшүүлөр мамлекеттик баалуу кагаздарды (МКВ жана МКО) жайгаштыруудан каражаттардын түшүүсү болжолдуу маалыматтар боюнча 11,0 млрд. сомду түзөт

- МКВны жайгаштыруунун эсебинен – 4,2 млрд. сом;
- МКОну жайгаштыруунун эсебинен– 6,8 млрд. сом.

2.5. Өнүктүрүү бюджети

Мамлекеттик инвестициялар (МИ)	Артыкчылыктар: транспорт системасын, энергетика инфраструктурасын, айыл чарба , ирригация жана социалдык инфраструктураны өнүктүрүү.
	Инвестициялык долбоор боюнча 2017-жылы чыгымдардын күтүлгөн көлөмү **40,4 млрд. сомду түзөт (**44,6 млрд. сом 2016-жылы).
	МИ бюджетти аткаруу 2015-жылы 19,8 млрд. сом.

Инвестициялык долбоорлор

- инвестициялык долбоорлорду тышкы каржылоонун салыштырма салмагы (39,0 млрд. сом, анын ичинен 29,5 млрд. сом - кредиттер, 9,5 млрд. сом - гранттар) 96,6 % түзөт.
- 1,4 млрд. сом (3,3% чыгымдардын жалпы суммасынан) инвестициялык долбоорлорду кош каржылоого республикалык бюджеттен бөлүп берүү пландалууда

Ири инвестициялык долбоорлор	«Түндүк-түштүк»альтернативдүү жолун куруу - 5,5 млрд. сом;
	«Түндүк-түштүк»альтернативдүү жолун куруу экинчи фаза – 4,0 млрд. сом;
	Бишкек шаарынын ЖЭЦин модернизациялоо– 3,8 млрд. сом;
	Энергетика секторун реабилитациялоо - 1,2 млрд. сом;
	Билим берүү секторунда реформаларды колдоо - 560,5 млн. сом;
	Кесиптик билим берүүнүн жана көндүмдөрдү өнүктүрүү экинчи долбоору– 555,7 млн. сом;
	Энени жана балалыкты коргоо IV-V - 181,8 млн. сом;

Капиталдык салымдар

артыкчылыктар: курулушу жогорку даярдыктагы социалдык-экономикалык маанидеги объекттердин курулушун аяктоого жана кайра конструкциялоо, анын ичинде:

- билим берүү чөйрөсүндө
- саламаттык сактоо
- маданият
- спорт
- суу чарба объекттеринин курулушуна
- Бишкек шаарынын жаңы конуштарында социалдык жана инженердик инфраструктураны өнүктүрүүгө
- стратегиялык маанидеги автожолдордун жана республиканын чек арага чектеш райондорундагы жолдордун курулушуна жана кайра конструкциялоого
- маанилүү мамлекеттик максаттуу программаларды ишке ашырууга жана бул программага киргизилбеген айрым социалдык маанилүү маселелерди чечүүгө.

2017-жылга капиталдык салымдар	2017-жылга 2,9 млрд. сом каралган, алар биринчи кезекте жаратылыш кырсыктарынан жабыр тарткан билим берүү объекттерин , авариялык объекттерди жана жогорку курулуш даярдыгындагы объекттерди курууну аяктоого, реконструкциялоого багытталат.
	2017-жылга ветеринардык диагностиканын жана экспертизанын 4 зоналык борборун курууга жана ветеринардык диагностиканын жана экспертизанын 13 региондук борборун капиталдык оңдоого **150,0 млн. сом** өлчөмүндөгү каражат каралган, муну менен республиканын лабораториялары ЕАЭСке мүчө мамлекеттердин техникалык регламентине ылайык көрсөткүчтөр боюнча талаптарга жооп берет.
2015-жылга капиталдык салымдар	2015-жылы "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча 350 объект (алардын ичинен: билим берүү объекттери – 227, саламаттык сактоо объекттери – 25, маданият жана спорт объекттери – 25, автожолдор жана көпүрөлөр – 32, турак жай-коммуналдык чарба – 19, суу чарба курулмалары – 1, башка объекттер – 21) каржыланган.
	"Капиталдык салымдар" беренеси боюнча республикалык бюджеттин иш жүзүндөгү чыгымдары 4,8 млрд. сомду түздү.
	Аталган суммадан төмөнкү объекттерди курууга: Билим берүү - 1,5 млрд. сом, Саламаттык сактоо – 211,6 млн. сом, Маданият жана спорт – 92,9 млн. сом, Жол тармагы (автожолдор жана көпүрөлөр) – 1,7 млрд. сом. Турак жай-коммуналдык чарба – 504,6 млн. сом, Калган каражаттар суу чарба курулмаларын жана башка объекттерди курууга багытталган.

Дем берүүчү гранттар.

3-таблица

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 01.01.2016-ж. карата абал боюнча категориялар боюнча долбоорлор каржыланган

		Объекттердин саны	Дем берүүчү гранттардын көлөмү (млн. сом)	жалпы суммадан (%)
1	Мектептер	167	305,2	42,9
2	Балдар бакчалар	88	159,2	22,4
3	Маданий маанидеги объекттер	52	96,4	13,6
4	Спорттук багыттагы объекттер	31	61,2	8,6
5	Саламаттык сактоо объекттери	4	6,1	0,9
6	Инженердик-коммуникациялык инфраструктура объекттери	39	60,4	8,5
7	Административдик маанидеги жана башка объекттер	14	22,3	3,1
	Бардыгы	**395**	**710,7**	**100**

10-таблицада көрүнгөндөй 2016-жылдын 1-январына карата абал боюнча үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен республикалык бюджеттен 395 долбоор 710,7 млн. сом суммага каржыланган.

4-таблица

Бул каражаттарды региондорго бөлүү:

П/П	РЕГИОНДОРДУН АТАЛЫШЫ	01.01.2016-ж. карата		
		Объекттердин саны	Дем берүүчү гранттардын көлөмү (млн. сом)	жалпы суммадан (%)
	Республика боюнча бардыгы	**395**	**710,7**	**100**
	Анын ичинен:			
1	Жалал-Абад облусу	67	114,6	16,1
2	Ош облусу	79	125,5	17,7
3	Чүй облусу	57	110,0	15,5
4	Нарын облусу	47	94,9	13,4
5	Ысык-Көл облусу	46	79,8	11,2
6	Баткен облусу	41	68,9	9,7
7	Талас облусу	43	96,3	13,5
8	Бишкек ш.	10	12,4	1,7
9	Ош ш.	5	8,4	1,2

2016-жылы үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен 501,5 млн. сом сумманы керектөө менен 222 долбоор ишке ашырууга бекитилген.

5-таблица

Бул каражаттарды категорияларга бөлүү:

П/П	КАТЕГОРИЯЛАР	20.06.2016-ж. карата	
		Объекттердин саны	Дем берүүчү гранттардын көлөмү (млн. сом)
1	Мектептер	76	160,3
2	Балдар бакчалар	43	99,9
3	Маданий маанидеги объекттер	28	65,6
4	Спорттук багыттагы объекттер	22	57,5
5	Саламаттык сактоо объекттери	24	48,9
6	Инженердик-коммуникациялык инфраструктура объекттери	15	33,7
7	Административдик маанидеги жана башка объекттер	14	35,5
	Бардыгы	222	501,5

2017-жылга долбоордун жана 2018-2019-жылдарга болжолдун долбоорунда дем берүүчү (үлүштүк) гранттар 500,0 млн. сом, 2018-жылга - 600,0 млн. сом жана 2019-жылга - 700,0 млн. сом суммада каралган.

7-диаграмма.



Ошондой эле 2015-жылы дем берүүчү гранттарды каржылоо механизми жакшыртылган.

Дем берүүчүлөрдү бөлүштүрүүнүн жаңы механизминин эски механизмден негизги айырмасы:

1. Долбоорлорду тандоо региондук деңгээлде жүргүзүлөт;

2017-жылга жарандык бюджет

2. Долбоорду ишке ашырууга ЖӨБнын салымы 7%дан 30%га чейинки акчалай түрдө (эмгек салымы жокко чыгарылган) гана жүргүзүлөт;

4. Долбоорлорду тандоо критерийлердин негизинде баллдык система боюнча жүргүзүлөт;

6. Тандоо боюнча комиссияга ӨКУнун жана ӨЭУнун өкүлдөрү тартылган;

7. Долбоорлорду иштеп чыгууга, ишке ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого тиешелүү жооптуу адистер тартылууга тийиш;

8. Долбоорлорду иштеп чыгуунун жана тандоонун конкреттүү мөөнөттөрү белгиленген;

9. Мурда ишке ашырылган долбоорлор боюнча бузуулар болгондо табыштамачыны (ЖӨБ) конкурска катышуудан алып салуу.


2.6. Жергиликтүү бюджеттер

Жергиликтүү бюджеттер мамлекеттик (консолидацияланган) бюжеттин курамдык бөлүгү болуп саналат. Жергиликтүү бюджеттер айылдын, шаардын жергиликтүү коомчулугунун бюджеттери болуп саналат, аларды түзүү, бекитүү жана аткаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүргүзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттердин жалпы саны 484 бирдикти түзөт. Алардын ичинен республикалык маанидеги 2 шаар, облустук маанидеги 12 шаар, райондук маанидеги 17 шаар жана 453 айылдык аймак.

Жалпысынан жергиликтүү бюджеттердин көлөмү 2009-жылы 13,4 млрд. сомдон 2013-жылы 24,9 миллиард сомго чейин акырындап көбөйгөн. 2014-2015-жылдарда жергиликтүү бюджеттердин көлөмдөрү билим берүүнү каржылоону республикалык бюджетке которууга байланыштуу олуттуу кыскарат. 2015-2019-жылдарга жергиликтүү бюджеттер 8-диаграммада көрсөтүлгөн.

8-диаграмма.



2017-жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоорун түзүүдө жалпы мамлекеттик жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдиктери 2016-жылы:

- салык агенти тарабынан төлөнгөн киреше салыгынан - **50** %;
- сатыктан алынуучу салыктан - **50** %;
- ыктыярдуу патенттин негизиндеги салыктан, милдеттүү патенттин негизиндеги салыктан, бирдиктүү салыктын негизиндеги түшүүлөрдөн - **100**%;
- кенди пайдалануу үчүн салыктан (стратегиялык пайдалуу кен байлыктарды: алтынды, нефти, газды кошпогондо роялти) - **50** % деңгээлинде сакталган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше потенциалын бекемдөө боюнча көрүлгөн чараларга карабастан табигый-климаттык шарттар, экономиканын агрардык багыты, кызмат көрсөтүү чөйрөсүн өнүктүрүүнүн жетишсиз деңгээли, өнөр жай потенциалын толугу менен пайдаланбоо, өндүрүштүк инфраструктураны жайгаштыруудагы айырмачылык, ресурстарга, атап айтканда, финансылык, коммуникациялык жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөргө жетишүү менен шартталган өнүктүрүүдө айырмачылыктар азыр да бар.

“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” 2015-жылдын 31-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоого жана товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары сатууга сатуудан алынуучу салык салуудан бошотууга, ошондой эле мамлекеттик алымдардын, айыптардын жана санкциялардын республикалык бюджетке (мурда жергиликтүү бюджеттерге түшкөн) түшүүсүнө байланыштуу жергиликтүү бюджеттер боюнча кирешелердин түшпөй калуусу күтүлүүдө, ал республикалык бюджеттен жеңилдиктерди тескөөнү, кыскартууну жакшыртуунун эсебинен жана компенсациялар аркылуу кайтарылат.

9-диаграмма.



2017-жылга теңөөчү трансферттер 1,8 млрд. сом суммада каралган. Теңөөчү трансферттердин өлчөмүнүн көбөйүшү жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин түшпөй калуусуна жана жергиликтүү бюджеттердин чыгымдарын аныктоодо коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр беренелери боюнча жергиликтүү бюджеттердин

чыгымдарын каржылоо тартибинин өзгөргөндүгүнө байланыштуу болду. Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар жергиликтүү бюджеттерде мурда жетишсиз деңгээлде каралган. 2016-жылы коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар жергиликтүү бюджеттерде толугу менен каралган. Бул чыгымдарды каржылоо булагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жеке кирешелери жана теңөөчү трансферттер болуп эсептелет.

3. Негизги бюджеттик демилгелер.

2017-жылга бюджеттин долбоору төмөнкү факторлор менен мүнөздөлөт:

– мамлекеттик бюджеттин социалдык багытталышы (жалпы чыгымдардын үлүшү 50%га жакын), мамлекеттик инвестициялардын каражаттарынын өсүшүн токтотуунун эсебинен;

– республикалык бюджеттин каржылоонун тышкы булактарынан көп көз карандылыгы;

– республикалык бюджеттин олуттуу тартыштыгынын болушу;

– мамлекеттик карыздын өсүшүн токтотуу зарылдыгы;

– ички булактардан карыз алуунун начар өнүккөн системасы;

– экономикалык өсүшкө түрткү берүүчү долбоорлорду ишке ашыруу үчүн мамлекеттик инвестициялардын каражаттарынын жетишсиздиги;

– кошумча акча каражаттарын издеп табууну талап кылган каржылоо булактары менен бекемделбеген ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу;

– жергиликтүү бюджеттин республикалык бюджеттен чоң көз карандылыгы (бюджеттер аралык өз ара мамилелердин дотациялык мүнөзү).

Ошол эле учурда, **2017-2019-жылдарда бюджеттик туруктуулукка таасир берүүчү төмөнкү тобокелчиликтер болжолдонууда:**

- жыл ичинде ресурстардын бюджетке бирдей эмес түшүүсү жана өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуга, иштерди аткаруунун мезгилдүүлүгүнө (күзгү-кышкы жылытуу мезгили, жазгы талаа иштери ж.б.) байланыштуу белгилүү бир мезгилдерде жүктөмдүн олуттуу көбөйүшү;
- аны берүү шарттарын аткаруудан көз каранды болгон тышкы жардамдын келишинин аз болжолу;
- республикалык бюджеттин олуттуу тартыштыгынын болушу;
- кошумча акча каражаттарын издеп табууну талап кылган каржылоо булактары менен бекемделбеген ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2017-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирүүсүн эске алуу менен, бюджетти түзүү тартибине жана бюджеттик системаны түзүүгө байланышкан тобокелчиликтер.

2017-2019-жылдарда республикалык бюджетти аткаруу тобокелчиликтерин минималдаштыруу максатында төмөнкү иш-чараларды ишке ашыруу зарыл:

- фискалдык (бюджеттик-салыктык) консолидациялоо аркылуу бюджеттин тартыштыгын азайтуу;
- республикалык бюджеттин тең салмактуулугун камсыздоо;
- программалык бюджеттештирүү механизмдерин ишке киргизүү;
- жергиликтүү бюджеттердин дотациялуулугун этап-этабы менен азайтуу;
- социалдык багыттагы бюджеттен өнүгүүгө жана экономикалык өсүшкө багытталган бюджетке өтүү;
- эмгек акы фондунун ИДПга карата пайыздагы көлөмүн этап-этабы менен азайтуу;
- финансылык (бюджеттик) тартипти күчөтүү;

- тиешелүү финансылык күчү болбогон министрликтердин жана ведомстволордун жаңы чыгашалык демилгелерин кабыл алууну токтотуу жана мораторий киргизүү.

Мындан тышкары, бюджеттик маалыматтын ачык-айкындуулугун жогорулатуу максатында бюджеттин долбоорунун тиркемесине биринчи жолу өткөн эки жылдагы жана болжолдуу үч жылдагы маалымат киргизилген. Мына ошентип, бюджеттин долбоорунун таблицалык тиркемеси 2015-жыл (иш жүзүндө), 2016-жыл (31.12.2015-ж. №233 мыйзам менен бекитилген) үчүн маалыматты жана 2017-2019-жылдарга болжолду камтыйт.

Ошондой эле, бюджеттик программаларды аткарууну ишке киргизүү максатында программалык классификацияны казыналыктын автоматаштырылган системасына киргизүү боюнча иш башталган. 2017-жылдан тартып 4 пилоттук министрлик (Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги) боюнча пилоттук аткарууну ишке киргизүү жана алар боюнча бюджеттик программаларды аткаруу жөнүндө отчетторду пилоттук алуу пландалууда.

Ошону менен бирге, пилоттук министрликтердин бюджеттерин аткаруу адаттагыдай эле, бирок жогоруда аталгандай бюджеттик программаларды аткаруу жөнүндө отчетторду пилоттук алуу менен жүргүзүлөт.

Тиркеме

1-таблица. 2017-2019-жылдарга негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр

	2015-ж. болж. факт	2016-ж. күтүү	2017-ж. болжол	2018-ж. болжол	2019-ж. болжол
Номиналдык ИДП, млрд. сом.	423,6	454,4	494,4	541,4	598,6
ИДПнын реалдуу өсүшү, %	3,5	2,7	2,9	3,5	4,9
ИДП дефлятору,%	2,2	4,4	5,8	5,8	5,5
Өнөр жай, %	-4,4	1,9	-1,3	0,2	5,7
Айыл чарбасы, %	6,2	1,5	2,2	2,7	3,1
Курулуш, %	13,9	8,1	10,4	12,3	12,7
Кызмат көрсөтүүлөр, %	3,6	2,7	3,7	3,5	3,9
Инфляция, %	3,4	3,2	5,6	6,5	5,4
Товарларды экспорттоо, млн АКШ доллары	1676,3	1680,0	1800,0	1950,0	2100,0
Товарларды импорттоо, млн АКШ доллары	4069,5	4100,0	4200,0	4300,0	4400,0

2-таблица. 2017-2019-жылдарга негизги социалдык көрсөткүчтөр

	2015-ж. болж. факт	2016-ж. күтүү	2017-ж. болжол	2018-ж. болжол	2019-ж. болжол
Калктын акчалай кирешеси, млрд. сом	291,4	311,3	338,7	373,6	413,1
Жан башына айдагы жашоо-тиричилик минимуму (сом.)	5183,0	5240,0	5554,4	5909,9	6282,2
- эмгекке жарамдуу калкка	*5799,8*	*5863,6*	*6215,5*	*6613,2*	*7029,9*
Орточо айлык эмгек акы, сом	13483,0	14350,0	15420,0	16700,0	18320,0
Реалдуу өсүү темпи, %	*103,1*	*105,3*	*101,4*	*101,8*	*103,2*
Экономикалык активдүү калкка карата жумушсуздук деңгээли %	8,0	8,0	7,9	7,8	7,7
Жумушсуздардын саны (жалпы) миң адам	204,3	207,0	207,8	207,7	205,9

3-таблица. 2015-2019-жылдарда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин кирешелери (млрд. сом)

Аталышы	Факт 2015	Бюджет 2016	Долбоор 2017	Долбоор 2018	Долбоор 2019
Кирешелер	128,3	141,4	140,8	144,7	154,0
ИДПга карата %да	*30,3*	*28,2*	*28,5*	*26,7*	*25,7*
Салыктык кирешелер	84,7	107,6	105,2	113,7	126,7
ИДПга карата %да	*20,0*	*21,5*	*21,3*	*21,0*	*21,2*
Салыктык кирешелер МСК	*52,6*	*75,5*	*72,3*	*77,1*	*85,4*
ИДПга карата %да	*12,4*	*15,0*	*14,6*	*14,2*	*14,3*
Салыктык кирешелер МБК	*32,0*	*32,2*	*32,9*	*36,6*	*41,3*
ИДПга карата %да	*7,6*	*6,4*	*6,7*	*6,8*	*6,9*
Салыктык эмес кирешелер	34,3	22,2	22,7	20,7	20,8
ИДПга карата %да	*8,1*	*4,4*	*4,6*	*3,8*	*3,5*
Расмий трансферттер	9,3	11,6	12,9	10,3	6,5
ИДПга карата %да	*2,2*	*2,3*	*2,6*	*1,9*	*1,1*

4-таблица. 2015-2019-жылдарда Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кирешелери (млрд. сом)

Аталышы	Факт 2015	Бюджет 2016	Долбоор 2017	Долбоор 2018	Долбоор 2019
Кирешелер	113,9	124,4	126,7	129,8	138,2
ИДПга карата %да	*26,9*	*24,8*	*25,6*	*24,0*	*23,1*
Салыктык кирешелер	72,3	92,9	93,1	100,8	113,0
ИДПга карата %да	*17,1*	*18,5*	*18,8*	*18,6*	*18,9*
Салыктык кирешелер МСК	*40,3*	*60,8*	*60,2*	*64,2*	*71,6*
ИДПга карата %да	*9,5*	*12,1*	*12,2*	*11,9*	*12,0*
Салыктык кирешелер МБК	*32,0*	*32,2*	*32,9*	*36,6*	*41,3*
ИДПга карата %да	*7,6*	*6,4*	*6,7*	*6,8*	*6,9*
Салыктык эмес кирешелер	31,7	19,8	20,7	18,6	18,7
ИДПга карата %да	*7,5*	*4,0*	*4,2*	*3,4*	*3,1*
Расмий трансферттер	9,9	11,6	12,9	10,3	6,5
ИДПга карата %да	*2,3*	*2,3*	*2,6*	*1,9*	*1,1*

5-таблица. 2016-2019-жылдарга бюджеттин негизги параметрлери

	2015 факт	2016 Бекитилг.	2017 Долбоор	2018 Болжол	2019 Болжол
Мамлекеттик бюджет					
Мамлекеттик тышкы инвестициялар менен жалпы кирешелер жана гранттар	128,3	141,4	140,7	144,7	153,9
ИДПга карата %да	30,3	28,2	28,5	26,7	25,7
Жалпы чыгымдар	134,4	163,9	164,0	167,1	172,6
ИДПга карата %да	31,7	32,7	33,2	30,9	28,8
Республикалык бюджет					
Жалпы кирешелер и гранттар	113,9	124,4	126,6	129,8	138,2
ИДПга карата %да	26,9	24,8	25,6	24,0	23,1
Жалпы чыгымдар	120,4	146,9	149,9	152,1	156,8
ИДПга карата %да	28,4	29,3	30,3	28,1	26,2
Тартыштык	**6,5**	**22,5**	**23,3**	**22,3**	**18,6**
ИДПга карата %да	1,5	4,5	4,7	4,1	3,1

6-таблица. 2016-2019-жылдарга карата бюджеттин негизги параметрлери (млрд. сом)

Аталышы	**2015-жыл факт**	**2016-жыл бекитилг**	**2017-жыл долбоор**	**2018-жыл болжол**	**2019-жыл болжол**
Пайыздар	**4,1**	**5,6**	**6,3**	**7,0**	**7,4**
Ички карыз	*1,3*	*1,9*	*2,2*	*2,4*	*2,4*
Тышкы карыз	*2,8*	*3,7*	*4,1*	*4,,6*	*5,0*
Негизги сумма	**10,3**	**16,3**	**13,8**	**19,9**	**21,9**
Ички карыз	*5,6*	*10,2*	*6,8*	*10,6*	*10,1*
Тышкы карыз	*4,7*	*6,1*	*7,1*	*9,3*	*11,7*
Бардыгы	**14,4**	**21,9**	**20,2**	**26,9**	**29,2**

7-таблица. 2015-2017-жылдарга социалдык чөйрөнүн көрсөткүчтөрү

	2015	2016	2017
Пенсионерлердин саны, миң адам	604,8	606,0	618,0
Пенсиянын орточо өлчөмү, сом	4510,0	4961,0	5457,0
Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө берилүүчү ай сайын жөлөк пулду алуучулардын саны, миң адам	311,0	324,5	356,4
Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө берилүүчү ай сайын жөлөк пулдун орточо өлчөмү, сом	*705,0*	*844,0*	*926,0*
Ай сайын социалдык жөлөк пул алуучулардын саны, миң адам	*80,7*	*83,8*	*87,0*
Ай сайын социалдык жөлөк пулдун орточо өлчөмү, сом	2416,0	2416,0	2416,0
Кошумча айлык социалдык жөлөк пулду алуучулардын саны	0,7	0,7	0,6
Кошумча айлык социалдык жөлөк пулдун өлчөмү	3700	3700	3700
Жан башына саламаттык сактоого мамлекеттик чыгымдар, сом	2280,1	2420,6	2490,1
Дарыгерлердин саны, адам	13099	13099	13022
Дарыгерлердин орточо эмгек акысы, сом	10581,2	10581,2	10581,2
Мугалимдердин орточо эмгек акысы, сом	9317	12790	12790
Жумушсуздук боюнча жөлөк пулдун өлчөмү, сом	250,0	250,0	250,0

Глоссарий

Мамлекеттин бюджети - бул коомго зарыл болгон чыгымдардын жана аларды каржылоо үчүн күтүлгөн киреше булактарынын планы.

Бюджеттик классификация – бул алардын жалпы мүнөздөмөсүнө жараша чыгашалардын жана кирешелердин тобу.

Бюджеттик процесс - бюджеттерди түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын мыйзам менен регламенттелген иши.

ИДП (ички дүң продукт) – жыл ичинде экономикада бардык өндүрүлгөн акыркы товарлардын жана кызматтардын акчалай бааланышы.

Жан башына ИДП – жыл ичинде өлкөнүн бир жаранына орто эсеп менен керектөө, экспорттоо жана топтоо үчүн экономиканын бардык тармактарында товарлардын жана кызматтардын канча өндүрүлгөндүгүн чагылдырат.

Теңөөчү гранттар – бул туруктуу социалдык-экономикалык абалды колдоо максатында минималдуу мамлекеттик социалдык стандарттарга ылайык жергиликтүү бюджеттердин чыгымдарын каржылоону камсыздоо үчүн республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

Бюджеттин тартыштыгы – бюджеттин чыгашаларынын кирешелерден ашып кетүүсү.

Үлүштүк (дем берүүчү) гранттар –бюджеттик каражаттарды, мамлекеттик артыкчылыктуу программалар жана долбоорлор боюнча каражаттарды натыйжалуу чыгымдоого, жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүүгө жана кирешелердин жергиликтүү булактарын кыйла толук мобилизациялоого дем берүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

Мамлекеттик кирешелер – бул мамлекет тарабынан коомго зарыл болгон чыгымдарды ишке ашыруу үчүн ар кандай булактардан алынган каражаттар.

Мамлекеттик чыгашалар - коомго кызмат көрсөтүүгө жана анын керектөөлөрүн канааттандырууга материалдык байлыктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга мамлекеттин сарптоолору.

Мамлекеттик карыз – кредиттик макулдашуу же башка карыздык милдеттенме боюнча белгилүү бир күнгө карата өздөштүрүлгөн жана жабылбаган Кыргыз Республикасынын ички жана тышкы мамлекеттик карызынын жалпы суммасы.

Мамлекеттик тышкы карыз – Кыргыз Республикасынын белгилүү күнгө карата Кыргыз Республикасынын кредит берүүчү-резидент эместеринин алдындагы өздөштүрүлгөн жана жабылбаган мамлекеттик тышкы карыз алууларынын же башка карыздык милдеттенмелеринин суммасын камтуучу мамлекеттик карыздын курамдык бөлүгү.

Мамлекеттик ички карыз - Кыргыз Республикасынын белгилүү күнгө карата Кыргыз Республикасынын кредит берүүчү - резиденттеринин алдындагы өздөштүрүлгөн жана жабылбаган мамлекеттик ички карыз алууларынын же башка карыздык милдеттенмелеринин суммасын камтуучу мамлекеттик карыздын курамдык бөлүгү.

Жарандык бюджет - татаал мамлекеттик бюджеттин жөнөкөй, көпчүлүккө түшүнүктүү баяндамасы.

Инфляция – бул акчанын баасынын түшүүсү, алардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөөсү. Инфляцияда акчанын ошол эле суммасына бир канча убакыт өткөндөн кийин мурдагыга караганда товарлар жана кызматтар азыраак сатып алынат.

Жергиликтүү бюджет - бул өзүнчө административдик-аймактык бирдиктин финансылык ресурстарынын борбордоштурулган фонду, жергиликтүү бийлик органдарына берилген функцияларды жана компетенцияларды камсыздоо үчүн багытталган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган салыктардын,

жыйымдардын, башка милдеттүү төлөмдөрдүн эсебинен түзүлүүчү акча каражаттарын калыптандыруунун жана чыгымдоонун формасы.

КНС- бул кошумча нарк салыгы. Бул товарлардын, жумуштардын же ар кандай кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык этаптарында аныкталуучу жана мамлекеттик бюджетке сатууга жараша киргизилүүчү кошумча нарктын белгилүү бир бөлүгүн мамлекеттик бюджетке алуунун аныкталган формасы.

Мамлекеттик карызды тейлөө – карыз алуучунун эсебиндеги карыз каражатын эсепке алуу жана негизги карызды, пайыздарды, комиссиялык жана башка төлөмдөрдү тындыруу эсебине карыз алуу шарттарына ылайык карыз алуучунун төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу органдын же банктын иши;

Жашоо-тиричилик минимуму - бул өлкөдө турмуштун белгилүү деңгээлин камсыздоо үчүн зарыл деп эсептелген кирешенин минималдуу деңгээли.

Атайын каражаттар – мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн кармалуучу жана негизинен материалдык эмес мүнөзгө ээ болуучу жана мамлекеттик органдар тарабынан алардын тике милдеттерин аткаруунун жүрүшүндө бериле турган жыйымдар.

Трансферттер - бир бюджеттен экинчи бюджетке белгилүү максаттар үчүн же максатка байланыштырбастан өткөрүлүп бериле турган каражаттар жана алар көпчүлүк жергиликтүү бюджеттердин негизги булактары болуп саналат.

Жакырчылыктын деңгээли – бул кирешесинин өлчөмү жашоо-тиричилик минимумунан төмөн болгон калктын үлүшү.

Маалымат булактары

1. “2017-жылга республикалык бюджет жана 2017-2018-жылдарга болжол жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору;
2. Финансы министрлиги тарабынан иштелип чыккан 2014-2016-жылдарга жарандык бюджет.
3. Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясы.
4. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтары, www.stat.kg
5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн маалыматтары.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ

www.minfin.kg	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги
www.kazna.gov.kg	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы
www.okmot.kg	Кыргыз Республикасынын мамлекеттик маалымат ресурстары
www.gov.kg	Кыргыз Республикасынын Өкмөтү
www.zakupki.okmot.kg	Кыргыз Республикасынын Электрондук мамлекеттик сатып алуулар порталы
www.map.okmot.kg	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин экономикалык картасы
www.services.okmot.kg	Аткаруу бийлигинин органдары тарабынан көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестри
www.anticorr.gov.kg	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коррупцияга каршы сайты
www.budget.okmot.kg	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин «Ачык бюджет» порталы
www.address.okmot.kg	Мамлекеттик органдардын электрондук маалымдамасы
www.forum.okmot.kg	Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин форуму